**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ПРИРОДНЫХ РЕСУРСОВ, ЭКОЛОГИИ И ТЕХНИЧЕСКОГО НАДЗОРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

20-сентябрь 2023-ж.
№ 254-п

г. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын Тизмегин бекитүү жөнүндө**

Коррупциянын келип чыгуу тобокелдигин төмөндөтүү максатында, "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 20-беренесинин 4-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-майындагы № 293 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамын ишке ашыруу боюнча айрым чаралар тууралуу" токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жөнүндө" жобонунун 15-пунктуна ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын Тизмеги (мындан ары - Тизме) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Түзүмдүк жана ведомстволук жана регионалдык бөлүнүштөрүнүн жетекчилери Министрликтин Тизмегине ылайык төмөндөгүлөр боюнча туруктуу негизде иш жүргүзсүн:

- бар болгон коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу боюнча;
- ишмердиги коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон функциялар менен байланышкан кызматкерлердин коррупцияга каршы укуктук аң-сезимин жогорулатуу боюнча.

3. Документтик камсыздоо бөлүмү бул буйрукту түзүмдүк жана ведомстволук бөлүнүштөрдүн жетекчилерин тааныштырсын.

002339

4. Санариптештирүү бөлүмү:

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 26-февралындагы №117 "Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө" токтомуна ылайык милдеттүү түрдө расмий жарыялоо боюнча чараларды көрүшсүн;

- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ушул буйруктун көчүрмөлөрүн мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада, кагаз жана электрондук түрүндө, расмий жарыяланган булагын, көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актыны көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик каттоодон өткөрүү үчүн жөнөтсүн.

5. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 7 (жети) жумушчу күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

6. Министерликтин "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын Тизмегин бекитүү жөнүндө" 2023- жылдын № 225-п буйругу жокко чыгарылсын.

7. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

---

**Об утверждении Перечня случаев и ситуаций, по которым имеется риск возникновения коррупции в Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики**

В целях снижения риска возникновения коррупции, в соответствии с частью 4 статьи 20 Закона Кыргызской Республики «О государственной гражданской службе и муниципальной службе», постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115, постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О некоторых мерах по реализации Закона Кыргызской Республики «О государственной гражданской службе и муниципальной службе» от 31 мая 2023 года № 293, п. 15 Положении «О Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года за № 263, **приказываю:**

1. Утвердить Перечень случаев и ситуаций, по которым имеется риск возникновения коррупции в Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики (далее – Перечень), согласно приложению.

2. Руководителям структурных, подведомственных и региональных подразделений в соответствии с Перечнем министерства на постоянной основе осуществлять деятельность:

- по снижению имеющихся коррупционных рисков;
- по повышению антикоррупционного правосознания сотрудников, чья деятельность связана с функциями, подверженными коррупционному риску.
-

3. Отделу документационного обеспечения:

- ознакомить с настоящим приказом руководителей структурных, подведомственных и региональных подразделений;

- в течении трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием источника официального опубликования, указанного нормативного правового акта, в Министерство юстиции Кыргызской Республики для государственной регистрации.

4. Отделу цифровизации принять меры по обязательному официальному опубликованию на официальном веб-сайте министерства в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования» от 26 февраля 2010 года №117.

5. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 7 (семь) рабочих дней со дня официального опубликования.

6. Считать утратившим силу приказ Министерства “Об утверждении Перечня случаев и ситуаций, по которым имеется риск возникновения коррупции в Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики” от 28 августа 2023 года № 225-п.

7. Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

**Министрдин милдетин**
**убактылуу аткаруучу,**
**министрдин биринчи орун басары** **М.Р. Маметов**